Садыров М.Т.

*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*

## КЫРГЫЗ–КАЗАК БИЛИНГВАЛЫК ПОЭЗИЯСЫ ЖАНА АНЫН КАЛЫПТАНЫШЫНДАГЫ К.ТЫНЫСТАНОВДУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ОРДУ

Билингвалык (лат. коштилдүү) адабияттын дүйнөлүк таржымалы ары бай жана көп кырдуу экендиги белгилүү. Мындай мугиттей кенен жана терең чыгармачылыктын ичинен түрк тилдүү элдердин адабиятына кайрылганыбызда, Борбор Азия алкагында куштун кош каннатындай ажырагыс нукура поэзияны фарс жана түрк тилдеринде бирдей уютуп жаратышкан Рудаки, Фирдоуси, Омор Хаям, Саади, Ха-физ, Руми, Баласагын, Новоилердин X-XV к.к. аралыгында жарык көргөн көөнөрбөс чыгармалары мунун айныксыз далили болуп бере алат. Бул маселенин өзү Орто кылымдын классик акында-рынын билингвалык чыгармачылыктарынан эле кабар бербестен, жалпы эле адамзатынын адабий ишмердүүлүгүнүн бөтөнчө орунда турган, көбүнесе сейрек кездешүүчү турган кайталангыс көркөмдүү дүйнө тууралуу кеп козгоого татыйт. Чыгыш элдеринин адабияты тууралуу сөз болгондо анын оозеки поэзиясында да, жазма поэзиясында да билингвалык мүнөздөгү чыгармалар кеңири кездешип, аларды жараткан акындар эки элдүү акындар болуп эсептелбестен, кезегинде алар адабий байланыштарды да өнүктүрүп турушкан.

Билингвалык адабиятты кыргыз-казак акындарынын чыгармачылыктарынан кеңири жолуктурабыз. Бул эки элдин билингвалык поэзиясына бир жактуу мамиле кылууга болбойт. Анткени, кыргыз-казак билингвалык поэзиясы оозеки жана жазма түрүндө өнүккөн. Ал эми аны өнүктүрүп, өөрчүтүүдө казактардыкына караганда кыргыз акындарынын орду бир топ салмактуу келет.

Эгерде эки элдин оозеки поэзиясынын бул жааттагы Орто кылымдардагы чыгармачылык алакаларына кайрылганыбызда Кет Бука, Асан Кайгы сыяктуу легендарлуу акындар кыргыз-казакка бирдей тиешелүү айтылса, ал эми кийинки XIX кылымда жашап өткөн улуту кыргыз Чөжө, чыгармачылык өмүрүн казак жергесинде өткөрүп, казактын актаңдай акыны атыкса, казактын улуу акыны Жамбыл өзү казак, кыргызга бирдей акын экендигин айтканы бар. Казак фольклорун изилдөөчүлөрдүн бири М.Хакимжа-нованын айтуусуна караганда, ал «Манас» эпосун бир кыйла жакшы билгендигин белгилейт. Мына ушул казактын улуу акыны менен чыгармачылык, достук мамиледе жүргөн Муратаалы андан көп таалим алып, казак тилинде «Муңдук-Зарлык», «Кыз Жибек», «Алпамыш» поэмаларын аткарып, «Заркум», «Сал-сал» жомокторун айтчу экен. Казак акыны Жамбыл-дын, кыргыз акыны Муратаалынын өздөрү бөтөн тилде көркөмдүгү жагынан канчалык деңгээлдеги чыгармаларды аткарып жүргөндүк-төрү тууралуу көбүнесе кеп козгой албай турган болсок, кыргыз-казакка аттын кашкасындай танымал акын Токтогул Сибирдеги сүргүндөн качып келе жатып ал жакта 4 жылча туруп калган учурунда казак тилин мыкты өздөштүрүп, алардын «Көр уулу», «Кыз Жибек», «Жаныш-Байыш» жана ошондой эле насыят, санат, термелерди жогорку чеберчиликте

аткарып, ал жакта «чыгаан акын» атыкканын кыргыз фольклортаануучусу Б.Кебекова белгилейт. Токтогулдун Сибир, андан соң казак жергелеринде болушу анын чыгармачылык тилин байытып - кыргызча менен бирге казакча, татарча, орусча, өзбекче ырларды аткарып, ал элдердин бир канча күүлөрүн чертчү экен. Бирок бул жерден белгилеп койчу нерсе, ал татарча, орусча, өзбекче кээ бир гана ырларды аткарган болсо, казак тилин мыкты билген акын катары, эки тилде бирдей төгүп ырдаганы менен айырмаланат.

Бир кылымдын ары, бери жагында жашап өтүп, өз чыгармаларын (көбүнесе үйрөнчүк) дагы бир тилде аткарууга жетишкен акындардын билингвалык чыгармачылыгынын деңгээлдери тууралуу кеп козгоо дээрлик мүмкүн эмес болсо да, бул багыттагы адабий тажрыйбалардын башаты оозеки адабиятта экендигин жана ал аркылуу түптөлгөндүгүн эч таанууга болбойт.

Оозеки адабиятта түптөлүп, өзүнүн адабий салттарын жазгыч акындардын өнөрлөрү аркылуу андан ары өнүктүрүлгөн билингвалык чыгармачылыкка келгенде, тили, дили тектеш, атаконушу чектеш кыргыз-казак элдеринин чыгармачылык байланыштарынын бир элдик бүтүндүккө жетип - бири экинчисине таасирленүүсү оозеки адабиятта эле жүзөгө ашканы менен кезегинде алар көбүнесе өздөштүрүү багытында гана болсо, ал эми жазгыч акындардын чыгармачылыгында мунун өзү жекечеликке ээ болуп, мисалы Ысак Шайбековдун «Кайран эл» ыры алгач казак тилинде жарык көргөн. Бул багытта алганда эки тилде (казак-кыргыз) өз алдынча ырларды жазып, кыргыз жазма поэзиясында билингвалык нукура чыгармаларды жараткан тунгуч агартуучу-калемгер К.Тыныстанов болгон.

К.Тыныстановдун адабий чыгармачылыгынын башатын поэзия түзүп, болжолу 1919-жылдары өзүнүн тунгуч ырларын жараткандыгын көрөбүз. Бул мезгил бир гана поэзия жанрынын эмес, кыргыз жазма адабиятынын жалпы эле көркөм жанрларынын калыптанып жаткан учуру экендигин эске алсак, анын бир катар чыгармачылык жагдайлары бар экендигин белгилеп кетүүгө болот. Алсак, улуттук жазма адабиятыбыз элдик оозеки адабияттын формасында кыйла убакыттан бери калыптанып келгендигине жараша, профессионалдык жазма адабияттын үлгүсүндөгү поэтикалык чыгармалар али да болсо жаратыла элек болчу. Албетте бул маселени эки жактуу кароо керек. Биринчиден, акындар поэзиясынын көрүнүктүү өкүлдөрү болгон Молдо Кылыч, Молдо Нияз, Тоголок Молдо жана башкалар өз чыгармаларын көбүнесе жазуу түрүндө жаратыш-каны менен алардын поэзиясы оозеки адабияттын үлгүсүндө жазылгандыктарын эч таанууга болбойт. Көп кылымдык тажрыйбага ээ оозеки адабияттын чыгармачылык салттарынын таасирине кыргыз жазма поэзиясынын калыптанышы мезгилинде жазылган чыгармалардын дээрлик бардыгы кабылгандыгын айтып кетүүгө болот.

Мындай жагдайдан алганда, али кыргыз поэзиясына буга чейин мүнөздүү болбогон жаңыча формадагы, мазмундагы лирикалык чыгармалардын жаралышы үчүн андай поэзиядан жакшы кабары бар, анын техникасын жакшы өздөштүргөн калемгер гана бул жаатта бурулуш жасоо мүмкүнчүлүгүнө ээ эле. Мына ошондой калемгерлердин эң

көрүнүктүүсү К.Тыныстанов болчу. Али өз жазуусуна ээ боло элек кыргыз элинин чыгармачыл өкүлү катары ал өзүнүн алгачкы ырларын казак тилинде жазууга жетишет. Кыргыз жазма адабиянын калыптанышы өзүнүн телчигүү процессинде билингвалык чыгармачылыгы аркылуу да ишке ашкандыгын белгилеп кетүүгө болот. Мындайча айтканда, али өзүбүздүн тилдеги билимберүү түптөлө электе, келечекке умтулган кыргыз жаштары бөтөн тилдерде (казак, өзбек, татар, орус ж.б.) билим алуу менен катар эле ал тилдерде өздөрүнүн алгачкы чыгармаларын жаратуу менен ал тилдерде жарыкка чыгып жаткан «Көмөк», «Ушкын», «Тилши», «Ак жол» ж.б. газеталарынын беттерине ырларын жарыялап турушкан. Бирок бул жерден айтып кете турган нерсе, кыргыздын тунгуч калемгерлеринин бардыгы эле бөтөн тилде өздөрүнүн чыгармаларын жараткан деп ишенимдүү түрдө айтуу мүмкүн эмес. Анткени кыргыз алфавити (араб арибинин негизинде) али иштелип чыгыла электигине байланыштуу алар өздөрүнүн чыгармаларын ал тилдин адабий тилинде эмес, көбүнесе күнүмдүк тилдин негизинде жаратышкан. Анын үстүнө кыргыз жазма адабияты калыптанып жаткан учурдагы адабий чыгармачылык көбүнесе турмуштук мүнөздө болчу. Ошол эле учурда жазма формада ыр токуунун техникасын башка (өзгөчө казак) тилде өздөштүргөн жаш калемгерлер биринчи кезекте өз эне тилдеринде ой жүгүртүү менен аны кагазга түшүрүү мисалы, казак тилинде ишке ашкан. Бул өз кезегинде билингвалык (кош тилдүүлүк) маселеси тууралуу сөз козгоону шарттайт. Сөздүн нукура маанисинде алганда, кыргыз жазма адабиятынын поэзия жанрындагы тунгуч биллингвист калемгерлеринин алдыңкы катарында К.Тыныстанов турат десек болот.

К.Тыныстановдун поэзия Жанрындагы жалпы чагармачылыгына кайрыла турган болсок, анын алгачкы 12 ыры (1919-1921-ж.ж.) казак тилинде, ал эми 1921-24-ж.ж. аралыгындагы 18 ырын жана «Жаңыл Мырза» поэмасын кыргыз тилинде жазган. Албетте казак, кыргыз тилдеринин өзара тектештиги адабий чыгармачылыктын билингвалык маселелеринин бир кыйла өзгөчөлүү шартта ишке аша тургандыгын белгилейт. Алсак, эки элдин лексикалык кору өздөрүнүн көп жалпылыктарын алып жүргөндүктөрү, алардын адабий чыгармачылык көркөм ой толгоо жакындыктарын көрсөтүп турат. Бул болсо адабий билингвизмдин тектеш чыгармачылык мүнөзүн билдирет. Анткени билингвалык чыгармачылык жалпысынан алганда, негизинен эки мүнөздө болот: тектеш адабий билингвизм жана тектешсиз адабий билингвизм.

Кыргыз жазма адабиятынын калыптанышы мезгилине мүнөздүү болгон билингвизм тектеш - адабий чыгармачылыктын негизинде ишке ашкан эле. Бул өз кезегинде улуттук жазма поэзиянын эле эмес, ошондой эле прозалык, драмалык жанрлардын кыргыз тилинде жазыла башташын ыкчамдаткан болчу. Эгерде прозалык, драмалык чыгармалардан айырмаланып, поэзия жанрында чыгарма жараткан калемгерлер казак, татар ж.б. тилдеринде да ыр жаратууга жетишүүсү кезегинде бул чыгармачылыктын башка жанрларга караганда эртерээк профессионалдык деңгээлге чыгуусун шарттаган болчу.

Жалпы эле билингвизм маселесине кайрылганыбызда, тили, адабияты жакын элдердин ортосундагы чыгармачылык менен, тили бөтөн элдин тилинде чыгарма жаратуу, бири-биринен болгон бөтөнчөлүү чыгармачылык жагдайларды алып жүрөрүн четке

кагууга болбойт. Бул жерден дагы бир кошумчалап кое турган нерсе, прозалык, драмалык чыгармачылыктан айырмаланып, поэзия жанрындагы чыгармаларды калемгерлер дээрлик өз эне тилинде жаратышат. Анткени, нукура лирикалык ырды жаратыш үчүн ошол тилдин аңсезиминде ойтолгоого жетишүү керек. Мындай мүмкүнчүлүккө ээ болуу өтө кыйын. Ал эми улуту кыргыз К.Тыныстанов өзүнүн алгачкы ырларын казак тилинде жаратууга жетишүүсү, эки элдин билингвисттик тектештиктеги чыгармачылыктан экендигинен кабар берет.

Ошондуктан, мындай жагдайда алганда, К.Тыныстанов өзүнүн алгачкы ырларын казак тилинде жазууга жетишүүсүнө эки тилдин тектештигине шартталган көркөм чыгармачылык жалпылыктар бар экендигин күбөлөйт. Мындайча айтканда, нукура ички сезимге негизделген лирикалык чагармачылыктагы билингвизмдүүлүк ал тилдердин тектештүүлүгүн эле белгилебестен, ошону менен бирге анын өнүгүү процессин да айгинелейт. Тагыраак айтканда, К.Тыныстанов казак тилинде ыр жаратуу менен бирге кыргыз жазма поэзиясынын эртерээк телчигүүсүнө өбөлгө түзүлүп жаңы үлгүдөгү лирикалык чыгармаларды жаратууга жетишкен болчу. Жалпылап айтканда, эки тилде бирдей чыгармачылык өтөө кыргыз жазма поэзиясынын профессионалдык нукка түшүүсүнө чоң өбөлгө болгон эле.

## Адабияттар

1. Кебекова Б. Кыргыз, казак акындарынын чыгармачылык байланышы. – Ф.: Билим, 1985.
2. Касым Тыныстан уулу. Адабий чыгармалар. – Бишкек: Ада-бият, 1991.